**Кызыл-Кыя шаардык И.Абдрахманов атындагы №13 жалпы билим берүү орто мектебинин №2 педагогикалык кеңешмесинин протоколу**

08.11.2022. катышканы-40

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 1-чейректин жыйынтыгы
2. Усулдук бирикмелердин отчету
3. Аккредитацияга даярдык көрүү

Биоинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек Мурадиллаевна төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер, сиздерди 1-чейректин жыйынтыгы боюнча тааныштырып өтөйүн.

Жыл башында 853 окуучу менен окуу жылын баштадык. Чейрек ичинде 27 окуучу кетти, 17 окуучу келди, чейрек аягында 828 окуучу калды.

| № | классы | Окуучунун саны | Эң жакшы | 5% | жакшы | 4 % | орто | 2 % | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3-а | 21 | 6 | 28% | 4 | 19% | 8 | 53% | 47% |
| 2 | 3-б | 29 | 3 | 10% | 17 | 57% | 10 | 33% | 67% |
| 3 | 3-в | 33 | 2 | 6% | 10 | 52% | 21 | 42% | 58% |
| 4 | 3-г | 27 | 3 | 11% | 9 | 33% | 15 | 56% | 44% |
| 5 | 3-д | 27 | 2 | 7% | 9 | 33% | 16 | 60% | 40% |
| 6 | 4-а | 17 | 2 | 12% | 5 | 29% | 10 | 59% | 41% |
| 7 | 4-б | 30 | 6 | 20% | 8 | 26% | 16 | 44% | 46% |
| 8 | 4-в | 26 | | | 6 | 23% | 20 | 77% | 34% |
| 9 | 4-г | 30 | 1 | 3% | 10 | 33% | 19 | 64% | 36% |
| 10 | 4-д | 29 | 8 | 27% | 9 | 31% | 16 | 43% | 58% |
| 11 | 3-4-класс | 413 | 33 | 14% | 87 | 34% | 151 | 54% | 47% |
| 12 | 5-а | 22 | 2 | 9% | 5 | 23% | 15 | 68% | 35% |
| 13 | 5-б | 31 | 1 | 3% | 9 | 29% | 21 | 67% | 36% |
| 14 | 5-в | 23 | 2 | 10% | 5 | 20% | 16 | 70% | 30% |
| 15 | 5-г | 26 | 3 | 11% | 3 | 11% | 20 | 78% | 30% |
| 16 | 6-а | 23 | 1 | 4% | 2 | 9% | 20 | 87% | 45% |
| 17 | 6-б | 36 | 3 | 8% | 5 | 14% | 28 | 69% | 32% |
| 18 | 7-а | 22 | 1 | 5% | 2 | 14% | 19 | 81% | 22% |
| 19 | 7-б | 23 | | | 8 | 35% | 15 | 65% | 35% |
| 20 | 7-в | 24 | 2 | 8% | 6 | 25% | 16 | 67% | 35% |
| 21 | 8-а | 19 | | | 6 | 31% | 13 | 69% | 31% |
| 22 | 8-б | 30 | 3 | 10% | 3 | 10% | 24 | 80% | 34% |
| 23 | 9-а | 16 | | | 7 | 44% | 9 | 56% | 44% |
| 24 | 5-9-класс | 295 | 18 | 40% | 61 | 22% | 216 | 62% | 34% |
| 25 | 3-9-класс | 708 | 51% | 27 | 148 | 28% | 367 | 58% | 41% |

Башталгыч класстардын билим сапаты 47%, жогорку класстардын көрсөткүчү 34%ды түздү.

Проценти төмөн класстардын мугалимдери ата-энелер менен байланышып, балдардын билимдерине жакшы көңүл буруңуздар.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап педагогикалык кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1.1. Окуу бөлүмүнүн 1-чейрек боюнча берген отчету канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

Экинчи маселе боюнча башталгыч класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Муллоянова Зулфия эжеке сөзгө чыкты.

Угулду:

- Биздин усулдук бирикмеде 1-чейрек ичинде план боюнча төмөндөгүдөй иштерди алып бардык. Башталгыч класс усулдук бирикмесинде 15 мугалим эмгектенет .Алардын ичинде баары жогорку билимдүү. Жыл башында биздин усулдук бирикме пландарды түзүп бекитип алдык . Андан соң билим күнүнө бардык башталгыч класстын мугалимдери "Мекеним Кыргызстан" деген темада тарбиялык саат өтүштү. Башталгыч класстын мугалимдери китепканадан болгон китептерди алып окуучуларга бердик.Октябрь айында жаш мугалимдердин сабактарына катышуу болду. Ал мугалимдер Нурали кызы Алиша, Дербишова Мейрем, Эргашова Мухлиса, Мурзалиева Жамила. Бул эжекелерге сабактарына катышкандан кийин өздөрүнө анализдер жана сунуштар берилди. 26-октябрь күнү Карабаева Рана эжеке 2-а класстын мугалими көркөм өнөр сабагынан ачык сабак өтүп берди. Карабаева Р. эжекенин билими жогору. Мугалим усулдук жактан туура сабак өттү. Сабак көргөзмөлүү жана азыркы стандарттын негизинде өтүлдү. Сабакта предмет аралык байланыш болду. Окуучулар сабакка активдүү катышып, сабак максатына жетти. Ошондой эле октябрь айынын башында мугалимдердин майрамына башталгыч класстардын окуучулары сүрөттөрдү тартып жакшы катышышты.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесиинин жетекчиси Жумаева Асылкан эжеке сөзгө чыкты.

Угулду:

Биздин усулдук бирикменин курамында 7 мугалим бар. Алар төмөнкүлөр:

| № | Аты-жөнү | Кесиби | Билими | Стажы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сайпидинова Уринса | Кыргыз тилчи | жогорку | 41 |
| 2 | Жумаева Асылкан | Кыргыз тилчи | жогорку | 18 |
| 3 | Кыпчакова Аширкан | Кыргыз тилчи | жогорку | 13 |
| 4 | Маматисман к. Айзирек | Кыргыз тилчи | жогорку | 2 |
| 5 | Келдибек к. Эркеайым | Кыргыз тилчи | жогорку | 6 |
| 6 | Ташмурзаев Шарабидин | Тарых мугалими | жогорку | 13 |
| 7 | Туманов Куштарали | Тарых мугалими | жогорку | 24 |

Биз август айында жыйын өткөрүп, өткөн окуу жылындагы иштерге анализ берүү менен быйылкы окуу жылына карата пландарды түздүк жана жумалык саат жүктөмдөрүн тактап алдык. Тарых, кыргыз тили жана адабияты сабактарынын календардык-тематикалык пландары такталып, администрация тарабынан бектилди.

| № | Мугалимдер | Кыргыз тили | Кыргыз адабият | тарых | Адам ж-а коом | Дин.өнүгүү тарыхы | ЧИО | Геогра-фия |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Сайпидинова Уринса | 27саат | | | | | | |
| 2. | Туманов Куштар | | | 11 саат | 3саат | 1саат | | 8саат |
| 3. | Ташмурзаев Шарабидин | | | 10 саат | | | 4саат | 2саат |
| 4. | Жумаева Асылкан | 18саат | 8саат | | | | | |
| 5. | Кыпчакова Аширкан | 20саат | 7саат | | | | | |
| 6. | Мамaтисман к.Айзирек | 9саат | | | | | | |
| 7. | Келдибек к. Эркеайым | 23саат | 4саат | | | | | |

Сентябрь айында малекеттик тилдин 33 жылдыгына карата бир айлык план түзүлүп,анын алкагында иш-чаралар өткөрүлдү.

12-сентябрь күнү иш-чаранын ачуу аземи болуп,анда кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчакова Аширкан эжеке “Мамлекеттин келечеги-мамлекеттик тилде”деген темада доклад окуду.

15-сентябрда класстар арасында кыргыз тил бурчу жетекчилик тарабынан каралып чыгып, балдардын ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында дубал газета сынагы өткөрүлдү. Ошондой эле тил боюнча белгилүү инсандардын ойлорун көрсөтмө тактайчага кыргыз тили мугалимдери тарабынан жаздырылып келип,мектептин көрүнүктүү жерлерине илинди. Кыргыз тилине байланыштуу мектеп ичинде мугалимдер жана окуучулар тарабынан көргөзмө уюштурулду.

Ал эми 19-сентябрь күнү кыргыз тилинин сабаттуулугун жогорулатуу максатында 5-8-класстар арасында “Сабаттуу бол” акциясы уюштурулуп, кыргыз тилчи мугалимдер ар бир класстан жана мугалимдерден жазуу ишин алышты.

Аяк оона айынын жыйырма экисинде 5-9-класстар ортосунда сүрөт сынагы болуп, 5-6-класстар кызыгуу менен сүрөт тартып келишти.Жыйынтыгында

1-орун 6-“б”класска

2-орун 5-“а” класска

3-орун 5-“б” класска берилди.

26-сентябрь күнү кыргыздын улуттук буюмдарын колдо жасоо сынагы 4-9-класстар арасында өткөрүлүп,эң жакшы катышкан окуучулар мактоо баракчалары менен сыйланды.

Ушул эле айдын жыйырма тогузу күнү кыргыз тили жана адабияты мугалими Маматисман кызы Айзирек “Дили адептүүнүн тили адептүү” деген темада тарбиялык сабак өттү. Жаш болсо да таланттуулугу, шыктуулугу, жөндөмдүүлүгү анын аткарган ишинен көрүндү.

3-октябрь күнү “Тил акындардын ырларында” аттуу көркөм айтуу сынагы болуп, натыйжада төмөнкү класстар орундарга татыктуу деп табылды.

1-орун 9-а класс

2-орун 8-б класс

3-орун 7-а класс

Ал эми октябрдын ону күнү “Жаңылмач айтышуу” жана “Табышмак табуу” сынагы 4-8-класстар менен өткөрүлүп,жаңылбай бат айткан 7-б класстын окуучусу Камчиева Шахида жеңүүчү деп табылды.

Ал эми эң көп табышмак айткан 4-а класстан Жанибеков Абдишүкүр ,эң жакшы жаңылмачтарды жаттап келген ушул эле класстан Эркинбекова Назик сыйланды.

12-октябрь күнү 5-9-класстар арасында “Манас айтуу” сынагы өткөрүлүп,анда 9-класстын окуучусу Манас уулу Адилет Манасты мыкты айткан окуучу деп көрсөтүлдү.

14-октябрь ”Кыргыз тили-кызыл туусу элимдин”деген темада концерттик программа менен тил айлыгын жыйынтыкталды.

Октябрь айында сабакты мыкты жана начар өздөштүргөн окуучуларды тактап, тизмеси жазылды жана иштөөнүн планы түзүлүп администрация тарабынан бекитилди.

Ошондой эле 14-октябрь күнү кыргыз тили жана адабияты мугалими Жумаева Асылкан кыргыз тили сабагынан 5-класска шаардык деңгээлде “Кайда саякаттаса болот?” деген темада ачык сабак өтүп берди.Шаардын бардык мектебинен кыргыз тилчи мугалимдери, кыргыз тилинин усулдук бирикменин жетекчиси Халбекова Жумагүл жана билим берүү бөлүмүнүн усулчусу Замира Хамрахуловна келип катышып,сабак боюнча өздөрүнүн жылуу пикир,сунуштарын айтып кетишти.

Ал эми 8-9-класстар арасындагы олимпиадага окуучуларды тандалып алынып,даярдоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз тили предметинен 8-класстан Каримова Айсулуу, тарых сабагынан Абдыкайымова Диана, Исмайилова Кантемир шаардык олимпиадага катыша турган болушту.

Гуманитардык усулдук бирикмесинин жетекчиси Көчөнова Гулбарчын сөзгө чыкты.

Угулду:

1- чейрек ичинде төмөнкүдөй иш чаралар аткарылды .

Август, сентябрь айларында Гуманитардык усулдук бирикменин курамындагы мугалимдер такталып уюштуруу иштери аткарылды. 12-сентябрь күнү гуманитардык усулдук бирикменин чогулушу болуп өттү, анда төмөнкү маселелер каралды.

1. Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү

2.Окуу планын календардык жана күндөлүк пландарды мамлекеттик стандарттын негизинде түзүүнү пландоо

3. Мугалимдердин саат жүктөмдөрүн бөлүнүшү жана УБ нын жылдык планын түзүү жана бекитүү.

Гумантитардык усулдук бирикмедеги ар бир мугалим шаардык усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып, календардык пландарды түзүшүп, мектеп жетекчилиги

тарабынан бекитилди. Гуманитардык усулдук бирикменин курамындагы мугалимдер жана алардын саат жүктөмдөрү төмөнкүдөй:

| № | Мугалимдердин аты жөнү | Предмкти | стажы | Сааты |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Көчөнова Гулбарчын | Англис тили | 12 | 24 |
| 2. | Сейитбек к Гүлзина | Англис тили | 2 | 24 |
| 3. | Анвар к Сагынай | Англис тили | 9 | 24 |
| 4. | Мурзалиева Зарипа | Орус тили | 7 | 19 |
| 5. | Давляева Нуржамал | Орус тили | 2 | 26 |
| 6. | Жумабаева Айжан | Орус тили | 1 | 18 |

Октябрь айында жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөө иштери жүргүзүлө баштады, ар бир мугалим шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучуларды такташып тизмелешти. Шыктуу жана өздөштүрүүсу начар окуучулар менен иштөөдө ар бир мугалим атайын план иштеп чыгып администрация тарабынан бекитилди. Окуучулардын жетишүүсү мониторингге түшүрүлдү.

Ошондой эле октябрь айында ар бир мугалим олимпиадага окуучуларды тандап алып, ал окуучулар менен атайын түзүлгөн пландар боюнча даярдап жатышат.

Чейрек аягында усулдук курамдагы мугалимдер чейректик отчетторун тапшырышты жана журналдарды толтуруу боюнча ар бир мугалимге администрация тарабынан кемчиликтери айтылды.

Табигый жана так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Табигый илимдер усулдук бирикмесинде 2022-2023- окуу жылына карата түзүлгөн иш планынын негизинде 1-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды.

Август ,сентябрь айында Табигый илимдер усулдук бирикмесинин курамындагы предметтик мугалимдер такталып уюштуруу иштери жүргүзүлдү.

1 Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү;

2 Мугалимдердин саат жүктөмүнүн бөлүнүшү;

3 УБ нин 2022-2023-окуу жылына карата иш планы жана жылдык иш планын иштеп чыгуу, түзүлгөн окуу планын талдоо жана бекитүү;

4 Предметтик стандарттарга ылайык календардык-тематикалык пландар тузүү;

5 Мугалимдерди методикалык колдоодо маалымат менен камсыздоо;

Ар бир предметтик мугалимдер усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып, календардык пландарды түзүшүп, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилди.

Мугалимдердин саат жүктөмү төмөнкүдөй:

| № | Ф.А.А. | предмети | сааты | стажы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Боркобаева Гулхан | математика | 26саат | 11 |
| 2. | Орозбек кызы Нурийла | математика | 26саат | 2 |
| 3. | Мурзакулова Айзирек | физика | 9саат | 7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | Туманов Куштар | география | 8саат | 24 |
| 5. | Токурова Наринса | биология | 26саат | 15 |
| 6. | Бакулова Зиедахан | химия | 6саат | 15 |
| 7. | Жыргалбек к Нуриза | информатика | 17саат | Толук бүтпөгөн |

Октябрь айында жөндөмдүү жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иши жүргүзүлө башталды. Ар бир предметтик мугалимдер төмөнкүдөй иш алып барууда:

Ар бир предметтик мугалим шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучуларды тактап, тизмелешти.

1 Атайын иш планын мугалимдер иштеп чыгып , мектеп администрациясы тарабынан бекитилди

2 Шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен сабакты өздөштүрүү деңгээлине карай тапшырмалар берилип,иш алып барылууда

3 Окуучулардын жетишүүсүнүн жыйынтыгы мониторинге түшүрүлүп жатат.

Октябрь айында тажрыйба бөлүштүрүү максатында математика мугалими Боркобаева Гүлхан эжеке 5-класс окуучуларына "Убакытты жумуштун көлөмү аркылуу табуу" деген темада ачык сабак өттү.

Сабактын өтүлүүчү убактысы календардык планга дал келет.Сабак өз убагында башталды. Мугалимдин сабакта өзүн алып жүрүүсү, окуучуларга болгон мамилеси жакшы. Сабак көрсөтмөлүү, интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлдү. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуулары жакшы.Мугалимдин сабагына анализ жүргүзүлүп , жетишкен тараптары бааланып ,ой-пикир ,сунуштар айтылды.

Эстетикалык циклдар усулдук бирикмесинин жетекчиси Карабаева Раанагүл сөзгө чыкты.

Угулду:

Август айында жылдык иш планды түзүү боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлдү.

Усулдук бирикменин жыйыны өткөрүлүп, 2022-2023-окуу жылынын окуу планын бекитүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандарттык планынын негизинде талап кылынып бекитилди. Сентябрь айында усулдук бирикменин курамы такталып, жаш мугалимдерге документтер боюнча иш алып баруу жактан методикалык жардамдар көрсөтүлдү.

Электрондук журнал менен иштөөгө өтүү боюнча иштер жүргүзүлбөдү. Анткени ага карата талап болбоду.

Ачык сабактардын планы түзүлүп, ачык сабактардын мөөнөтү коюлуусу керек эле мугалимдердин жоопкерчиликсиздигинин негизинде коюлбады.

Ийримдердин планы түзүлүп, таланттуу балдар ийримдерге тартылып иш алып барылууда. Алардын да планы талап кылынгандыгына карабай бериле элек.

Мугалимдердин сабактарына катышып, тажрыйба алмашып, сабактарга катышуу боюнча сабактардын анализин текшерүү ноябрь айында текшерилет.

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата чыгармаларга карата сүрөттөр тартылып, композициялык иштер аткарылды.

Октябрь айында «Мугалим учканга канат, укканга санат» деген темада концерттик программа тартууланды. Карыялар күнүнө карата ардагер мугалимдерди куттукташты.

«Алтын күз» жарманкеси өткөрүлүп, ар бир класс активдүү катышты. Жеңүүчүлөр грамоталар менен сыйланды.

“Шаардын 124 жылдыгына” карата гүлдөрдөн композиция түзүү боюнча сынакка катышып, окуучулар менен мугалимдердин аракетинин негизинде кызыктыруучу сыйлык менен сыйланды.

Жогорудагыларды угуп,талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.1. Усулдук бирикмелердин 1-чейрек боюнча аткарылган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Бирикмелердин иштерин көзөмөлдөө жагы усулдук кеңештин төрайымы Сайпидинова Уринса эжекеге жүктөлсүн.

Үчүнчү маселе боюнча мектеп директору А.Кудайбердиевич сөз баштап, төмөнкүлөрдү айтып өттү.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер, баарыңыздарга маалым болгондой быйылкы окуу жылында биздин мектеп аккредитациядан өтөт. Мына ошондуктан усулдук бирикмелердин жетекчилери , мугалимдер, окуу бөлүмүнүн башчысы, организатор, соцпедагог, завхоз, китепканачы, катчы 4жылдык иш пландардын отчетун даярдап, pdf форматына киргизесиздер. Мектепти аккредитациядан өткөрүүнүн өзүн-өзү баалоонун комиссия мүчөлөрүнүн курамын түзүүбүз керек. Сиздер кимдерди сунуштайсыздар, сунушуңуздарды айтыңыздар.

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы Айзирек Мурадиллаевна чыгып, төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер, аккредитация боюнча буга чейин да маалыматыңыздар бар. Ошондой болсо да дагы бир ирет эскерте кетсем, аккредитацияны эки багытта тапшырабыз.

1. Программалык
2. Институционалдык

Эң алгач программалык документтерди даярдап убагында сайтка жүктөбөсөк, анда бүтүрүүчү класстарга эч кандай документтер берилбей калат. Мына ошондуктан администрация айткан документтерди убагында тапшырыңыздар. Ошондой эле мен программалык аккредитациянын өзүн-өзү баалоо комиссиясынын курамына төмөнкү мугалимдерди сунуштайм.

Мектеп директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевич, окуу бөлүмунү башчысы Мурзакулова Айзирек, усулдук кеңештин төрайымы Сайпидинова Уринса, башталгыч класс окуу бөлүмүнүн башчысы Шишманова Назиле, эстетикалык циклдар усулдук бирикмесиин жетекчиси Карабаева Раанагул, гуманитардык усулдук бирикмесинин жетекчиси Көчөнова Гулбарчын, катчы Саматова Жазгүл, завхоз Тешебаева Айнагүлдү, ата-энелер комитетинин төрагасы Эргешов Нурбекти сунуштайм.

Жарыш сөзгө башталгыч класс окуу бөлүмүнүн башчысы Шишманова Назиле Аслановна чыгып, төмөнкүлөрдү кошумчалады.

Угулду:

Мен да өзүмдүн оюмду айтып өтөйүн, институционалдык аккредитциянын өзүн-өзү баалоо комиссиясынын курамына мектептин директору А.Кудайбердиевичти, окуу бөлүмүнүн башчысы А. Мурадиллаевнаны, профсоюз уюмунун төрайымы Токурова Наринса эжекени, мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Маматисман к Айзиректи, усулдук кеңештин төрайымы Сайпидинова Уринса эжекени, башталгыч класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Муллоянова Зулфияны, ата-энелер комитетинин төрагасы Эргешов Нурбекти, завхоз Тешебаева Айнагүл жана катчы Саматова Жазгүлдү сунуштаймын.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3. а) Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы жөнүндөгү маалымдамалар жана аккредитацияга тиешелүү бардык документтер даярдалып, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин лицензиялоо жагы аккредитациялоо башкармалыгынын алдындагы эксперттик комиссияга жөнөтүлсүн.

б) Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө өзүн-өзү баалоо комиссиянын жетекчиси мектеп директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевичке жүктөлсүн.

Мектеп директору Эрматов А. К.

Катчы Жумаева А. Ж.